ISSN 1694-7681

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

заверяю
КГУ им. И. АРАБАЕВА

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ISSN 1694-7681

**ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО**

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

**Республиканский научно-теоретический журнал**

# ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

## № 3, 2019

**БИШКЕК – 2019**

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



## МАЗМУНУ
## СОДЕРЖАНИЕ
## CONTENT


БИЛИМ БЕРҮҮ АЙДЫҢЫНДА ТАЛАПКА ЭЭ БОЛГОН ПЕДАГОГИКАЛЫК АДИСТЕРДИ ДАЯРДООДОГУ АКТУАЛДУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ: ТЕОРИЯДАН ПРАКТИКАГА……………………….3

АКТУАЛЬНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ ВОСТРЕБОВАННЫХ РЫНКОМ ОБРАЗОВАНИЯ: ОТ ТЕОРИИ К ПРАКТИКЕ………………………..4

**ЭКОНОМИКА ИЛИМДЕРИ**
**ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**ECONOMIC SCIENCES**

***Субанов Т.Т., Зарипова Д.Э.***
БАЗАР МАМИЛЕЛЕРИНИН ШАРТЫНДА КЕСИПТИК ОКУУ ЖАЙЛАРДЫН БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРҮН ЖУМУШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ КӨЙГӨЙЛӨР…………....5

***Субанов Т.Т., Зарипова Д.Э.***
ПРОБЛЕМЫ ЗАНЯТОСТИ ВЫПУСКНИКОВ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЙ В УСЛОВИЯХ РЫНОЧНЫХ ОТНОШЕНИЙ............5

***T.T. Subanov, D.E. Zaripova***
THE PROBLEM OF EMPLOYMENT OF GRADUATES OF PROFESSIONAL EDUCATIONAL INSTITUTIONS IN THE CONDITIONS OF MARKET RELATIONS…………………………..5

**ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР**
**ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**LEGAL SCIENCES**

***Соколова Н.В.***
ЖОЖДОРДУН ЮРИДИКАЛЫК КЛИНИКАСЫ АРКЫЛУУ ЖАШТАРДЫ УКУКТУК АГАРТУУ УКУК БУЗУУЛАРДЫ АЛДЫН АЛУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ ……………………………11

***Соколова Н.В.***
ПРАВОВОЕ ПРОСВЕЩЕНИЕ МОЛОДЁЖИ СИЛАМИ ЮРИДИЧЕСКИХ КЛИНИК ВУЗОВ КАК СРЕДСТВО ПРОФИЛАКТИКИ ПРАВОНАРУШЕНИЙ………11

***N.V. Sokolova***
LEGAL EDUCATION OF YOUNG PEOPLE BY THE FORCES OF LEGAL CLINICS OF HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS AS A MEANS OF PREVENTION PREVENTION OF OFFENCES…………………………………………..11

***Викторова С.С., Соколова Н.В.***
УКУК САБАГЫН ОКУТУУДА ДОЛБООРДУК ИШ-АРАКЕТ ОКУУЧУЛАРДЫН АҢ-СЕЗИМИН ЖОГОРУЛАТУУ КАРАЖАТЫ КАТАРЫ.............. 15

***Викторова С.С., Соколова Н.В.***
ПРОЕКТНАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ ПРАВА КАК СРЕДСТВО ПОВЫШЕНИЯ ПРАВОСОЗНАНИЯ ОБУЧАЮЩИХСЯ…………………………………15

***S.S. Viktorova, N.V. Sokolova***
PROJECT ACTIVITY IN THE TEACHING OF LAW AS A MEANS OF INCREASING THE LAW-CONSCIOUSNESS OF STUDENTS……15

**ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ**
**ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**HISTORICAL SCIENCES**

***Зарипбек кызы А., Молдоканова К.И.***
КААДА-САЛТ – УЛУУ МУРАС…………………...19

***Зарипбек кызы А., Молдоканова К.И.***
ТРАДИЦИИ – ВЕЛИКОЕ НАСЛЕДИЕ……………19

***Zaripbek kyzy A., K.I. Moldokanova***
TRADITIONS ARE A GREAT HERITAGE………...19

***Тургунбаева К.Ж.***
КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН ӨМҮРҮ – УРПАКТАРГА УЛУУ ӨРНӨК.................................23

***Тургунбаева К.Ж.***
ЖИЗНЬ И ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КУРМАНЖАН ДАТКИ – ПРИМЕР ДЛЯ ПОДРАСТАЮЩЕГО ПОКОЛЕНИЯ..........................................................23

***K.J. Turgunbaeva***
THE LIFE AND WORK OF KURMANJAN DATKA IS AN EXAMPLE FOR THE YOUNGER GENERATION…………….23

**ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ**
**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**PEDAGOGICAL SCIENCES**

***Абдулахамидова Б.Н.***
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН СЕРГЕК ЖАШОО ОБРАЗЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ БОЮНЧА ТАЖРЫЙБАЛЫК-ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШ-ЧАРАНЫН НАТЫЙЖАЛАРЫН ТАЛДОО..................................27




КГУ им. И. АРАБАЕВА

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*I. Daminova*
USE OF NATIONAL PEDAGOGY
IN TEACHING AND EDUCATION AND STUDENTS
OF THE PRIMARY CLASSES....................................57

*Жолдошова Б.А.*
«КРЕАТИВДҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮГҮНҮН
МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ..................................61
*Жолдошова Б.А.*
ЗНАЧЕНИЕ И СОДЕРЖАНИЕ ПОНЯТИЯ
«КРЕАТИВНОСТЬ»..........................................61
*B.A. Zholdoshova*
THE MEANING AND CONTENT
OF THE CONCEPT «CREATIVITY»..................61

*Маатазимова Г.Э.*
КЫРГЫЗ БАЛДАР АДАБИЯТЫН БАШТАЛГЫЧ
КЛАССТАРДА ОКУП-ҮЙРӨНҮҮ КӨЙГӨЙҮНҮН
ИЗИЛДЕНИШИНИН ТАРЫХЫ................................65
*Маатазимова Г.Э.*
ИСТОРИЯ ИЗУЧЕНИЯ ПРОБЛЕМЫ ОБУЧЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ
В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ....................................65
*G.E. Maatazimova*
HISTORY OF LEARNING CHILDREN'S
LITERATURE IN PRIMARY SCHOOL.....................65

*Айдаров А.Ж.*
КОМПЕТЕНТСИЗ КООМ – ЭКОЛОГИЯЛЫК
КРИЗИСТИН НЕГИЗИ................................69
*Айдаров А.Ж.*
НЕКОМПЕТЕНТНОЕ ОБЩЕСТВО – ОСНОВА
ЭКОЛОГИЧЕСКОГО КРИЗИСА............................69
*A.Zh. Aydarov*
AN INCOMPETENT SOCIETY IS THE
FOUNDATION ECOLOGICAL CRISIS.............69

*Досматова Г.Ж.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ»
САБАГЫНДА ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДЫ
ОКУТУУ...........................................................73
*Досматова Г.Ж.*
ОБУЧЕНИЕ ЭПИЧЕСКИХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ НА
УРОКЕ «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ» В
НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ ............................73
*G.J. Dosmatova*
TEACHING EPIC WORKS IN THE CLASSROOM
«LITERARY READING»
IN THE ELEMENTARY GRADES...................73

*Сакиева С.С.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН
ХРЕСТОМАТИЯЛАРЫ: ТЕОРИЯ ЖАНА
ТАЖРЫЙБА...........................................................77

*Сакиева С.С.*
ХРЕСТОМАТИИ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ:
ТЕОРИЯ И ОПЫТ.....................................................77
*S.S. Sakieva*
PRIMARY SCHOOL ANTHOLOGIES:
THEORY AND EXPERIENCE..................................77

*Мадраимов С., Казканова Ч.*
БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН
МАТЕМАТИКАСЫ БОЮНЧА ОКУУЧУЛАРДЫН
ЛОГИКАЛЫК ОЙЛООСУН ӨСТҮРҮҮНҮН
АЙРЫМ КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ...................81
*Мадраимов С., Казканова Ч.*
О НЕКОТОРЫХ СРЕДСТВАХ РАЗВИТИЯ
ЛОГИЧЕСКОГО МЫШЛЕНИЯ ПО МАТЕМАТИКЕ
У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ.............81
*S. Madraimov, Ch. Kazkanova*
ON SOME MEANS OF DEVELOPMENT
LOGICAL THINKING IN MATHEMATICS
PRIMARY SCHOOL STUDENTS.....................81

*Айдарова Ж.М.*
ОКУУЧУЛАРДЫН КУРАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮНҮН
ПЕДАГОГИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ...................87
*Айдарова Ж.М.*
ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА
ВОЗРАСТНОГО РАЗВИТИЯ УЧАЩИХСЯ.........87
*J.M. Aidarova*
PEDAGOGICAL CHARACTERISTICS OF AGE
DEVELOPMENT OF PUPILS..........................87

*Нишанбаева М.А.*
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ
БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ
ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН
ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК АБАЛЫНА
ТАЛДОО ЖҮРГҮЗҮҮ...............................................91
*Нишанбаева М.А.*
АНАЛИЗ СОСТОЯНИЯ ТЕОРИИ И ПРАКТИКИ
ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В
ДОШКОЛЬНЫХ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ
УЧРЕЖДЕНИЯХ КЫРГЫЗСТАНА.................91
*M.A. Nishanbaeva*
ANALYSIS OF THE CONDITION OF THEORY
AND PRACTICE OF ECOLOGICAL EDUCATION
IN PRESCHOOL EDUCATIONAL
INSTITUTIONS OF KYRGYZSTAN..................91

*Омуралиева Г.К., Карыбекова Р.О.*
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭПОСТОРУ, САЛТТАРЫ,
МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК
ТАРБИЯНЫН ЭЛДИК КАРАЖАТТАРЫ..........94

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2019

*Жолдошова Б.А.*

## «КРЕАТИВДҮҮЛҮК» ТҮШҮНҮГҮНҮН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

*Жолдошова Б.А.*

## ЗНАЧЕНИЕ И СОДЕРЖАНИЕ ПОНЯТИЯ «КРЕАТИВНОСТЬ»

*B.A. Zholdoshova*

## THE MEANING AND CONTENT OF THE CONCEPT «CREATIVITY»

*УДК: 37.032*

*Креативдүүлүктү изилдөө боюнча кеңири жана маңыздуу материалдар топтолуп, теориялык жана практикалык жактан маанилүү жыйынтыктарды бергендигине карабастан, анын аныктамасы жана баарына белгилүү методикасы жок болгондой эле, бүтүн жана бирдиктүү теориясы да жок. Креативдүүлүк феноменинин көптөгөн изилдөөлөрү изилденүүчү кубулуштун ар түрдүүлүгү жана көп аспекттүүлүгү менен мүнөздөлөт. Демек, креативдүүлүк түшүнүгү чексиз кеңейип, мунун натыйжасында тактыкты талап кылат. Ошол себептен креативдүүлүк жөнүндө айтууда анын кайсы түрү тууралуу айтылып жаткандыгын (креативдүүлүк жөндөм катарыбы же инсандын өзгөчөлүгү катары берилип жатабы) белгилеп кетүү зарыл. Креативдүүлүк – чындыкты өзгөртүүдө инсандын негизги жашоо муктаждыктарынын бири жана өзүн-өзү актуалдаштырууда маанилүү мүнөздөмөлөрдүн бири болуп саналат. Буга байланыштуу учурда мектептеги билим берүүнүн негизги милдеттеринин бири окуучулардын ой-жүгүртүүсүнүн креативдүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Андыктан, креатив катары аныкталган мектеп окуучуларынын сапаттарына коюлган талаптар да жогорулайт т.а. жаңы тажрыйбага болгон ачыктык, стандартка жатпаган абалда өзгөчө чечим табуу билгичтиги, чындыкка чыгармачылык мамиле жасоо милдеттендирилет.*

***Негизги сөздөр:*** *креативдүүлүк, чыгармачылык, чыгармачык ой жүгүртүү, жөндөмдүүлүк, ой-жүгүртүү, мектеп окуучулары, маани.*

*Несмотря на то, что накоплен большой и содержательный материал по изучению креативности, который дал определенные результаты как в теоретическом, так и в практическом отношении, единой и стройной теории креативности до сих пор не существует, как и не существует одинакового ее определения и всеми признанных методик, диагностирующих данную способность. Многочисленные исследования феномена креативности характеризуются разнообразием и многоаспектностью изучаемых явлений. Таким образом, понятие креативности расширяется до бесконечности и вследствие этого размывается. Поэтому, говоря о креативности, следует хотя бы обозначать, о какой креативности идет речь: креативности как способности или креативности как особенности личности. Креативность – одна из ведущих жизненных потребностей личности в преобразовании действительности и является одной из важных характеристик самоактуализации. В связи с этим, один из важных задач современного образования является формирование креативности мышления учеников. На этой основе повышается требование к качеству знания учеников, точнее открытости к новому опыту, умению находить необычное решение в нестандартной положении, обязательному отношению к творческой истине определенных как креативность.*

***Ключевые слова:*** *креативность, творчество, творческое мышление, способность, размышление, школьники, значение.*

*Despite the accumulation of a large and informative material on the study of creativity, which gave definite results both in theoretical and practical terms, a single and coherent theory of creativity still does not exist, just as there is no identical definition of it and all recognized methods diagnose this ability. Numerous studies of the phenomenon of creativity are characterized by the diversity and multidimensionality of the phenomena studied. Thus, the concept of creativity expands to infinity and as a result is blurred. Therefore, speaking of creativity, we should at least indicate what kind of creativity we are talking about: creativity as an ability or creativity as a personality trait. Creativity is one of the leading vital needs of the individual in transforming reality and is one of the important characteristics of self-actualization. In this regard, one of the important tasks of modern education is the formation of pupils' creative thinking. On this basis, the demand for the quality of students' knowledge is increased, more precisely, openness to new experience, the ability to find an unusual solution in an irregular situation, an obligatory attitude to creative truth defined as creativity.*

***Key words:*** *creativity, creativity, creative thinking, ability, reflection, students, meaning.*

Коомдун жалпы маданиятынын өсүү деңгээли илимий-техникалык прогресстин темпинен артта калып, улам өзгөрүп турган дүйнөдө адамзат жашоосунун жаңы шарттарына жооп бербей калгандыгы КРнын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы №201-токтому менен бекитилген «2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү



заверяю
КГУ им. И. Арабаева

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



концепциясында көрсөтүлгөн. Бул болсо, мектептеги билим берүүнүн жаңы жолго коюлушун талап кылат [1].

Учурда мугалим мектепте программалык материалдарды берүү менен гана чектелбестен, анын негизинде окуучуларда зарыл психикалык процесстерди, касиеттерди жана сапаттарды калыптандырууга кам көрүшү керек. Мектеп билими окуучулардын чыгармачылык күчүн ойготуп, аны акыл эмгегинин рационалдуу ыкмалары менен куралдандырса, маалыматтын чоң агымына багыт алууга жана керектүү маалымат табууга үйрөтсө, аларда ойдун активдүү өз алдынча иштөөсүн жөнгө салат, аларды стандарттуу эмес маселелерди өз алдынча чечүүгө даярдайт. Бул үчүн окутуу процессинин негизги багыты окуучулардын эске тутуусуна эмес, алардын ой жүгүртүүсүнө туура келиши керек, окуучулардын өздөштүрүү ишмердүүлүгү эмес, чыгармачылык ишмердүүлүгү көңүлдүн борборунда болууга тийиш.

Ошентип, мугалимдин алдына коюлуучу негизги маселелердин бири – окуучулардын ой-жүгүртүүсүнүн креативдүүлүгүн калыптандыруу болуп эсептелет.

Берилген түшүнүктүн бир нече трактовкасы бар, бирок көбүнчө кызыгууну маалымдама басылмаларында белгиленген аныктамалар туудурат. Аларда креативдүүлүк түшүнүгү төмөндөгүдөй берилет:

– чыгармачылыкка, өзгөчө ой-жүгүртүүгө болгон жөндөмдүүлүк;

– инсанды ар тараптан мүнөздөгөн чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдүн: көйгөйдү же абалды жаңыча көз карашка түрткөн жаратмандык жөндөмүнүн, чыгармачылык актка болгон жөндөмүнүн өнүгүүсүнүн деңгээли;

– принципиалдуу жаңы идеяларды өндүрүүгө болгон даярдыкты мүнөздөгөн жана шыктуулук структурасына көз карандысыз фактор катары кирген инсандын чыгармачылык жөндөмдөрү;

– ой-жүгүртүүнүн интеллектуалдык активдүүлүгүнүн эң жогорку деңгээли: адамдын интеллектуалдык активдүүлүгүнүн максималдуу деңгээлин билдирет, анын натыйжасында кубулуштун маңызына жетүү, жаңы көйгөйлөрдү коюу жана чечүү жүрөт. Бул деңгээлде инсан тарабынан табылган эмпирикалык закон-ченемдүүлүк ал үчүн эвристика, формалдуу ыкма эмес, ал үчүн бүт калган иш-аракетин токтоотууга даяр болгон өз алдынча көйгөй болуп калат;

– иш-аракет, процесс же белгилүү процесстердин жыйындысы: чыгармачылык, түзүү, новаторлук иш-аракет;

– жаңыны түзүү жана түшүнүү, өзгөрүүлөрдөн коркпоо жөндөмү: кандайдыр бир жаңы нерсени жасоо жөндөмү же кандайдыр бир башка ыкма менен ишке ашыруу. Көйгөйдүн жаңы чечими, жаңы метод же курал, искусствонун жаңы чыгармасы.

Натыйжада, «креативдүүлүк» түшүнүгү психологиялык-педагогикалык илимдерде илимий туруктуу категория болуп саналат. Бирок «креативдүүлүк» түшүнүгүн трактовкалоодо бирдиктүү аныктама жок.

Креативдүүлүк түшүнүгүн кеңири мааниде алып карасак – бул кандайдыр бир жаңы сапаттуу нерсени (же жаратуучу, же топ, же жалпы коом үчүн) жараткан, чыгармачылык, чыгармачылык ишмердүүлүк менен үзгүлтүксүз байланышта болгон чыгармачылык интеллектуалдык жөндөмдөр.

Илимдин өнүгүшү менен адамзаттын чыгармачылык көйгөйүнө болгон көз караштар өзгөргөн жана өнүккөн. Чыгармачылык, чыгармачылык ой-жүгүртүү жана креативдүүлүк феноменин изилдөөгө ар түрдүү илимий мектептер өз ыкмаларын сунушташкан.

А.Курманалиева Кыргызстанда жана дүйнө жүзүндө креативдүүлүк категориясын изилдөө боюнча эмгектерди анализдеп, креативдүүлүктү инсандын туруктуу интегралдык касиети, ал анын чыгармачылыктуу изденүү жөндөмүн, жаңы нерселерди кабыл алууга даярдыгын, стандарттык эмес ой-жүгүртүүсүн, көптөгөн оригиналдуу жана пайдалуу идеяларды жаратуу мүмкүнчүлүгүн мүнөздөй турган категория катары кабыл алууну сунуштайт [2].

Көптөгөн мезгилге чейин адамдын чыгармачылык жетишкендиктерин жалпы жана атайын жөндөмдөрдүн жогорку деңгээли менен түшүндүрүшкөн. Чыгармачылык жөндөмдөрдү өзгөчө түр катары бөлүшкөн эмес, аны интеллект менен бирдей, барабар коюшкан. Мындай көз карашты интеллект чөйрөсүндөгү бир топ адистер да бөлүшүп келет (Д.Векслер, Р.Уайсберг, Г.Айзенк, Л.Термен, С.Герберт ж.б.). Негизги илимий закон-ченемдүүлүктөрдү ачуу үчүн белгилүү түрдө трансформацияланган жөнөкөй когнитивдик процесстер жетиштүү экени далилдүү. Чыгармачылык маселелерди чечүү процесси башка



заверяю
КГУ им. И. АРАБАЕВА

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



таанып-билүү процесстеринин (ой-жүгүртүү, эске тутуу ж.б.) өз ара аракеттешүүсү катары жазылат.

М. Вертгеймер «Жемиштүү ой-жүгүртүү» аттуу эмгегинде көйгөйдү чечүүдөгү чыгармачылык процесстин төмөнкү негизги этаптарын аныктаган:

– башында берилген абалда түшүксүз сезим пайда болот;

– көйгөйдү түшүнүүгө жетүү калоосу кээ бир маселелерди коюуга алып келет;

– абалда фокус, же абал борборун түзгөн маанилүү элементтер бөлүнөт;

– борбордун айланасында абалдын бардык элементтери белгилүү структуралык бүтүндүккө байланат;

– ар бир элемент бир бүтүн нерсенин бөлүгү катары кабыл алынат;

– мунун баары абалды күтүүсүздөн көрүү жана көйгөйдү түшүнүүнү чечүү үчүн негизди түзөт [3].

Жалпы көрүнүштөн алганда креативдүүлүк чыгармачылыкка болгон жөндөм катары түшүндүрүлөт. Эгер чыгармачылык белгилүү спецификага ээ жана жаңыны түзүүгө алып келген процесс катары түшүндүрүлсө, ал эми креативдүүлүк потенциал, адамдын ички ресурсу, ой-жүгүртүүнүн адаттагы ыкмаларынан анын баш тартуу жөндөмү же көйгөйдү чечүүнүн жаңы варианттарын табуу жөндөмү катары каралат.

«Чыгармачылык» жана «креативдүүлүк» түшүнүктөрү мааниси боюнча бири-биринен айырмаланат. Чыгармачылык процесс инсандын көңүл эргүүсүнө, анын жөндөмдөрүнө, ал карманган адатка негизделет. Ал эми креативдүүлүк процесси жөнүндө айта турган болсок, анда анын негизги курамы болуп прагматикалык элемент саналат, б.а. баштапкы түшүнүк «эмнеге?», «эмне үчүн?» жана «кантип бир нерсени түзүү керек?», «чынында эмне жаратуу керек?» – дегенде турат.

Натыйжада, чыгармачылыкты – адамдын кандайдыр бир жаңылыкка, маанилүүлүккө жана пайдалуулукка ээ болгон иш-аракети же анын натыйжасы катары кабыл алсак болот. Креативдүүлүк болсо – инсанды жалпы мүнөздөгөн, активдүүлүктүн ар түрдүү чөйрөсүндө көрүнгөн адамдын чыгармачылыкка болгон жөндөмү деп түшүнөбүз.

Чыгармачылыкка жөндөмдүү болгон инсан креативдүүлүккө ээ болбошу мүмкүн, бирок креативдүүлүккө ээ болгон инсан сөзсүз түрдө чыгармачылыкка жөндөмдүү.

Креативдүүлүктү жөндөмдөргө бөлүүдө Л.Терстоундун иштери түрткү болгон, анда ал креативдүүлүктө жаңы маалыматты бат өздөштүрүү жана ар түрдүү ыкмалар менен колдонуу жөндөмдөрүнүн ролун анализдеген [4].

Ал индуктивдүү ой-жүгүртүүнүн жана кабыл алуунун кээ бир өзгөчөлүктөрүнүн чыгармачылык жетишкендиктердеги ролун белгилеген. Чыгармачылык чечимдер көп мезгилде көйгөйдү чечүүгө көңүл буруу учурда эмес, релаксация, көңүл бурууунун чачыранды болгон учурда келээрине маани берген. Креативдүүлүктү жаңы идеяларды жаратуу жөндөмү катары карап, чыгармачылык жетишкендиктерге түздөн-түз байланыштырган.

XX кылымдын экинчи жарымында психологдор (А.Маслоу, Р.Мэй, К.Роджерс, Н.Роджерс ж.б.) креативдүүлүктү өзүн өзү оң баалоого түрткү берген, инсандын өз баалоосунда өзүн-өзү алдыга жылдырууну камсыз кылган, ар бир индивидуумда өзүн өзү актуалдаштыруучу ыкма, трансформацияланган күч катары карашат.

Биздин оюбузча, мындай түшүнүк чыгармачылыкка болгон жөндөмгө жана өзүн өзү ишке ашырууга болгон умтулууга, бул жөндөмдөрдү ишке ашыруунун жана инсандын өнүгүү процессиндеги умтулуунун маанилүүлүгүнө көңүл буруу менен оң баа берет.

Б.А. Лезин чыгармачыл адамдын инсандыгынын сапатын (көңүл буруу жана кабыл алуу, фантазияга жана ойлоп чыгарууга болгон жөндөм, өзгөчөлүүлүк, байкагычтык жана субъективдүүлүк, интуиция жана сезүү жөндөмү) жана чыгармачылык процесстин стадияларын: эмгек, аң-сезимсиз иш, көңүл эргүүнү ачкан [5].

П.К. Энгельмейр чыгармачылыкты жана анын көрүнүшүн карап чыккан. Адамзат чыгармачылыгынын табият чыгармачылыгынан болгон айырмачылыгын изилдеген. Анын ою боюнча чыгарачылык эскичиликке карама-каршы жана өнөрпоздук, максатка ылайыктуулук, күтүүсүздүк, баалуулук сыяктуу өзгөчө белгилерге ээ. Окумуштуу, «инсандын чыгармачылыгы коомдун өнүгүүсүнүн деңгээли менен аныкталат», – деген маанилүү ойду айтып кеткен [6].

Натыйжада, креативдүүлүктү – адамдын өзгөчө идеяларды жаратуу, өзгөчө чечимдерди табуу, ой-жүгүртүүнүн салттуу схемаларынан баш тартуу жөн-



заверяю

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дөмү, инсандын башкага кошулбаган, биздин түшүнүккө туура келбеген өзгөчө жөндөмү катары түшүнүүгө болот.

Учурдагы педагогика илиминде креативдүүлүк адамдын өнүгүү жана өсүү, дүйнөнүн бардык: экономикалык, социалдык, илимий, техникалык, коммуникативдик, көркөм чөйрөдө өзгөрүү шартында анын психикасынын мүмкүнчүлүктөрүн интенсификациялоо мүмкүнчүлүгү катары каралат. Мунун негизинде креатив катары аныкталган мектеп окуучуларынын сапаттарына коюлган талаптар да жогорулайт т.а. жаңы тажрыйбага болгон ачыктык, стандартка жатпаган абалда өзгөчө чечим табуу билгичтиги, чындыкка чыгармачылык мамиле жасоо милдеттендирилет. Креативдүүлүк окуучунун бардык чөйрөдөгү иш-аракетке керектүү болгон чыгармачылыкка карата жалпы, универсалдуу жөндөмү катары каралат.

**Адабияттар:**


1. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/92984
2. Курманалиева А.О. Болочок инженерлердин креативдүүлүгүн маалыматтык технологияларды колдонуу менен калыптандыруунун дидактикалык негиздери. - Нарын, 2017. - 20-23-бб.
3. Вертгеймер М. Продуктивное мышление. - М.: Прогресс, 1987. - 336 с.
4. Дружинин В.Н. Психология общих способностей. - СПб.: Питер, 2002. - 242.
5. Лезин Б.А. Вопросы теории и психологии творчества. - Харьков, 2012.
6. Энгельмейр П.К. Теория творчества. - М., Либроком. 2010. - 208.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаева А.Т.**



Подпись ... заверяю
КГУ им. И. Арабаева